*УДК 342.53*

***К.Абдымомунова,***
*саясий илимдеринин кандидаты, доц. БГУ*
***А. Маратова,***
*БГУнун магистранты*

# КЫРГЫЗСТАНДА ПАРЛАМЕНТТИК ИНСТИТУТТУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

# СТАНОВЛЕНИЕ И РАЗВИТИЕ ИНСТИТУТА ПАРЛАМЕНТА В КЫРГЫЗСТАНЕ

# FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE INSTITUTION OF PARLIAMENT IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Макалада парламент жана парламентаризм түшүнүгү, Кыргызстанда парламенттин калыптаныш тарыхы жана өнүгүү этаптары каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *парламент, парламентаризм, Жогорку Кеңеш, Кыргызстан, демократия, парламенттик башкаруу формасы.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются понятия парламента и парламентаризма, история становления и этапы развития парламента в Кыргызстане.*

***Ключевое слово:*** *парламент, парламентаризм, Жогорку Кеңеш, Кыргызстан, демократия, парламентская форма правления.*

***Annotation.*** *Art ide considers conceptions like parliament and parliamentary, history of formation and stager of developing parliament in Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *parliament and parliamentary, Jogorky Kengesh, Kyrgyzstan, democracy, parliamentary form of government.*

Биринчи парламенттик институт X кылымда Исландияда пайда болуп, ал мыйзам чыгаруу жана сот иш-милдеттерин бириктирүү менен альтинг деп аталган. Исландиялык альтинг бүгүнкү күндө да иш алып барат, дүйнөдөгү алгачкы парламенттердин бири болуп саналат.

«Парламент» деген сөздүн өзү «parle» француз сөзүнөн келип чыккан, ал «айтуу, талкуулоо» дегенди түшүндүрөт. Орто кылымдагы Англияда 1236-жылы парламент деген сөз биринчи жолу колдонулган. Парламенттин негизги иш-милдеттери азыркы мезгилге чейин сакталган, өзүнө мыйзам чыгаруу, өкүлчүлүктү, б.а. шайлоочулардын кызыкчылыгын көрсөтүү жана коргоо, мыйзамдардын аткарылышын контролдоо, өз ара байланышуу иш аракеттерин, мамлекеттик бюджетти аныктоону камтыйт.

Парламентаризм мамлекеттик бийлик системасы болуп саналат. Соңку мезгилде көптөгөн мамлекеттерде мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдарынын функциялары менен катар эле парламенттин чечүүчү ролу да так көрсөтүлгөн. Парламентаризм шарттарында парламент мамлекеттин өкмөттүн түзөт жана өкмөт анын астында жоопкерчиликте болот. Ошону менен бирге парламент башкы саясий иш-чараларды өзү беките алат жана өкмөткө ишенич көрсөтпөө укугуна ээ жана парламентаризм мыйзам чыгаруу тармагында парламентти толук жана чексиз компетенция менен камсыз кыла алат.

Парламентаризм системасында президенттин ыйгарым укуктары негизинен өкүлчүлүк же протоколдук мүнөзгө ээ. Мамлекет башчысынын башкы ыйгарым укуктарын ал өкмөт менен макулдашып иш жүзөгө ашырат. Бир катар өлкөлөрдө нормалардын укугу катталган. Парламенттин ыйгарым укуктары көп учурда атайын делегацияланган мыйзам чыгаруучулуктун жардамы менен өкмөттүк бийлик тарабынан тартып алынган. Бул учурда өкмөттүн парламенттин алдында жоопкерчилиги формалдуу мүнөздө болот. Парламентке каршы болгондой, мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтердин функциясы аралашып, мамлекеттик бийликтин бөлүнүшү так болбой калат.

Ааламдашуу шарттарында парламенттик башкаруу формасын тандап алган өлкөлөрдүн Конституциясына ылайык жогорку бийлик парламентке тиешелүү. Парламент өз алдынча министрлер кабинетин түзүп, премьер-министрди шайлайт, конституциялык көзөмөлдүн органдарын жана башка мамлекеттик институттарды дайындай алат. Эреже катары азыркы кээ бир парламенттик республикаларда парламент президентти да шайлайт.

Парламент негизинен өкүлчүлүк жана кеңеш берүүчүлүк функцияларын аткаруу менен парламенттин ишмердүүлүгүнүн конституциялык нормаларга ылайыктуулугун көзөмөлгө алат. Парламенттик республикага мүнөздүү өзгөчөлүк катары өкмөттөрдүн туруксуздугу саналат, бийлик парламентте көпчүлүк түзгөн партиянын өкүлдөрүнөн түзүлгөн өкмөткө жана өкмөт башчыга тиешелүү болот. Кээ бир өлкөлөрдө (Франция, Финляндия, Португалия) Президенттик республика менен Парламенттик республканын белгилерин камтыган «аралаш» башкаруу формасы бар. Кыргызстандагы башкаруу формасы буга көбүрөөк окшош: жалпы эл тарабынан шайланган президент мамлекет башчысы болуп эсептелет, ал эми өкмөттүн ишин премьер-министр башкарат жана ал парламент тарабынан шайланат жана анын алдында отчет берет.

Парламенттин депутатын тигил же бул саясий партияга (шайлоолор пропорциялуу тутум боюнча өткөрүлсө), же конкреттүү кандидатка (мажоритардык тутум) өз добушун берген талапкерлер шайланат.

Дүйнө жүзү боюнча парламенттер жана палаталар системасы тигил же бул өлкөнүн өнүгүүсүнүн тарыхый өзгөчөлүктөрүн чагылдырган ар кандай аталышка ээ . Алсак, британиялык парламент Община жана Лорддор палатасы деген эки палатадан турат, ал эми Германия менен Швециянын парламенттеринин аталыштары окшошуп кетет Бундестаг жана Риксдаг, коңшулаш өлкөлөрдүн парламенттеринин аталыштары да окшош, Казахстандын парламенти Сенат жана Мажилис, Өзбекстандыкы Олий жана Мажилис, Түркменистандыкы – Меджлис, Тажикстанда – Маджлиси Оли ж.б.

Кыргыз коомунда биринчи «парламенттерден» болуп, уруулар үчүн маанилүү чечим кабыл алынган, мүлктүк же аймактык талаш-тартыштар каралган, уруулардын башчылары шайланган курултайлар эсептелген.

Кыргызстандын Россия империясына кошулушу менен кыргыздардын саясий активдүүлүгү өскөн, абдан олуттуу көрүнүштөрдүн бири, Кыдыр-аке Байсариевдин IV чакырылыштагы Мамлекеттик Думанын курамына шайланышы болгон.

1917-жылдагы Октябрь революциясынан жана Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин, жергиликтүү тургундар партиялык жана мамлекеттик институттардын түзүлүшүнө активдүү катышышкан. 1924-жылы Кара Кыргыз автономиялуу областы түзүлүп, убакыттын өтүшү менен Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайрадан түзүлгөн.

1938-жылдын 18-июлунда Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин – Советтик Кыргызстандын мамлекеттик бийлигинин жогорку органы парламенттин биринчи жыйналышы өткөн. Жогорку Советтин иши сессиялык негизде жүргүзүлгөн, парламенттин депутаттары жылына экиден кем эмес жалпы жыйналышка чогулушкан.

Республикада формалдуу түрдө эң жогорку мамлекеттик орган Жогорку Совет болгон, бирок иш жүзүндө мыйзамдарды кабыл алуу жана алардын аткарылышын контролдоо жөнүндө демилгелер, колунда бардык бийлик топтолгон Коммунисттик Партиянын Борбордук Комитети тарабынан жүзөгө ашырылган.

Ага карабастан, Жогорку Совет мамлекет менен калктын түз байланышын камсыздоодо маанилүү роль ойногон: ал мезгилде парламенттин курамына калктын ар кандай катмарынын өкүлдөрү – чабандар, заводдун жумушчулары, интеллигенция жана кызматчыларга чейин шайланышкан.

12-чакырылыштагы Жогорку Совет өзүнүн ишин 1990-жылы баштаган, атап айтканда, ага маанилүү тарыхый вазийпа – өлкө үчүн тагдыр чечүүчү маселелерди кабыл алуу: мамлекеттик эгемендүүлүк жөнүндө декларация, мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндө декларация, мамлекеттик жаңы символдорду – туу, герб, гимн жана жаңы Конституция кабыл алынып, ага ылайык өлкө Кыргыз Республикасы деп аталып калды. Бул өзгөрүүлөрдүн негизги максаттары катары өлкөнүн саясий тутумун демократиялаштыруу, элдердин ишенимдүү өкүлдөрүнөн мамлекетти башкарууга катыштырууга өбөлгө түзүү, Кеңештердин иштөө ыкмасын өзгөртүү менен алардын коомдук, саясий турмуштагы ордун жана ролун жогорулатуу.

Эгемендүү Кыргызстандын биринчи парламенти «легендарлуу» деп аталган. Анткени дал ошол биринчи сессияда Кыргызстан саясий плюрализмге биринчи кадам таштаган мезгили эле. Сессия саясий кайра куруунун, айкындуулуктун, демократиянын жаңы алкагында өтөп, коомчулука зор таасир эткен. Эң алгачкы жолу республикабыздын жогорку бийлик органында ар бир депутат өз оюн ачык айтып, элдин көйгөйлүү маселелерин ортого салган. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары өлкөбүздөн мыйзам чыгаруу укугуна ээ болгон дал ошол Жогорку Кеңеш «легендарлуу парламент» деген ат менен кыргыз элинин тарыхында калды. Ошол парламент чындап эле, легендерлуу болгону талашсыз. Анткени мурунку чакырылыштардан айырмаланып, бул жолку Жогорку Кеңешке жалаң кыргыз интеллигенциясынын каймактары шайланып, эгемендүү Кыргызстандын, кыргыз мамлекетинин келечегин, тагдырын чечүүдө алар зор роль ойногону чындык.

Эгемендүү Кыргызстанды куруу багытына түшүү менен, көз карандысыздыктын алгачкы кадамдарын парламенттик башкаруу таризинде иштей баштаган. Мына ошол өткөөл мезгил аралыгында буйрукчул бийликтин кулашына кыйла кызмат өтөгөн «легендарлуу парламенттин» тушунда эгемен Кыргызстандын көз карандысыздыгынын жана анын демократиялык түзүлүшүнүн саясий, укуктук жана экономикалык негиздерин түзгөн бир катар орчундуу укук ченемдик актыларды кабыл алынды.

2000–2005-жылдардагы экинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңеш 105 депутаттан турган [3, 30-56]. 1998-жылдагы үчүнчү конституциялык реформанын негизинде шайлоо тутумуна киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык Мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутаттан туруп, алардын 15 депутаты партиялык тизме боюнча шайланган. Ал эми Эл өкүлдөр жыйыны 45 депутаттан турган [2, 111]. Тең шайлоо шарттарында шайланган эки палатанын депутаттарынын укуктары бирдей болгон. Бүт дүйнөнүн башка парламенттеринен айырмаланып турган эки палаталуу кыргыз парламентинин өзгөчөлүгү эле.

Бирок эки палаталуу кыргыз парламенти да туруктуу болуп, өз жемишин толук бере албады. На-

тыйжада кыргыз мамлекети кайрадан бир палаталуу парламентке кайттык. Бир палаталуу 90 депутаттан турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайрадан 2005-жылы кайрылдык. Бирок, президент, мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтеринин ортосундагы карама-каршылыктардын айынан ошол кездеги Жогорку Кеңеш Президенттин атайын жарлыгы менен мөөнөтүнөн мурда таркатылып, 2007- жылдын 23-октябрдагы жарлыгы менен IV чакырылыштын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо чечими чыгарылган [5,380-381]. Натыйжада эгемендүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин IV чакырылышынын депутаттары өлкө тарыхында, биринчи жолу партиялык тизмелер боюнча шайланган. Анда үч саясий партия - «Ак-Жол» - 71, «Кыргызстандын социал- демократиялык партиясы» - 11, «Кыргызстандын коммунисттер партиясы» - 8 депутаттык мандатка жетишип, эл атынан өкүлчүлүк кылышкан. Бирок булар да өз мөөнөтүн толук иштетишкен жок. 2010-жылдагы апрель окуясына байланыштуу IV чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз ыйгарым укуктарынан мөөнөтүнөн мурда ажыратылып, таркатылган. Натыйжада жаңы шайлоолор өткөрүлүп, учурдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз тарыхый вазыйпасын аткарды [1].

2010-жылдын 7-апрель окуясынан кийин Кыргызстанда мамлекеттик бийлик алмашып, коомдук, саясий турмуш бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. 2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган жаңы Башмыйзам жоболоруна ылайык, Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары кыйла кеңейип, анын жоопкерчилиги да ошончолук артты.

Эгемендүүлүктүн жана көз карандысыздык жылдардагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аталыштары жөнүндө маалыматтарды эске сала кетсек ашыкча болбойт.

1995-жылдан тартып 2005-жылга чейин I жана II чакырылыштагы Мыйзам чыгаруу жыйынынан (35 депутат) жана Эл өкүлдөр жыйынынан (70 депутат) турган эки палаталуу парламент иштеген.

2005-жылдан тартып Жогорку Кеңеш көпчүлүк өлкөлөрдүн парламенттеринин айырмаланып, Жогорку Кеңештин депутаттарынын саны ар бир чакырылышта: III чакырылышта – 75 депутат, IV чакырылышта – 90, V жана азыркы VI чакырылышта -120 депутат болуп өзгөрүлүп, жогорку жана төмөнкү эки палатадан турган Жокорку Кеңеш бир палаталуу орган болуп эсептелет.

***Адабияттар***


1. *Абытов Б.К. Кыргыз парламентинин тарыхына саресеп // Баракелде. Тарых. Санжыра. Каада-салт 25.11.2013; Akipress. Мурас. 25.11.2013 37.*

2. *Акунов А. Государственное управление Кыргызстана в транзитный период...– С.111;*

3. *Кучуков М.М. Жогорку Кенеш Кыргызской Республики. –Б., 2002. –С.30-56.*

4. *Кыргыз Праламентинин таржымалы // http://kenesh.kg/ [3] КР БМА... –Ф.1445. -Оп.17. –Ед.хр. 2394. –Л.184-185;*

5. *Сааданбеков Ж. Сумерки авторитаризма: закат или рассвет. – Киев,2000. – С. 380-381.*

6. *Чиналиев У. Реализация принципа разделения властей в современном Кыргызстане. – Киев,1998 – С.23;*

7. *Эркебаев А. 1990 год: приход к власти А. Акаева. – Б.,1997 – С.44.*